**Окуунун көркөмдүүгүн (ачык-айкындыгын) баалоо критерийлери**

(орус класстары үчүн)

**Максималдуу упай – 30.**

**Эскертүүлөр:**

1. Көркөм окуу үчүн тандалган текст мектеп программасында окутулбаш керек.
2. Тапшырманы аткарууда тигил же бул көрсөткүчкө (индикаторго) жетишкендиктин жоктугу критерий боюнча тийиштүү упайдын жалпы упайдан кемитилишине алып келет.
3. Тапшырманы аткаруу маалында монотондуу (бир калыптагы) окуу орун алса, төмөн упай же нөл менен бааланат.
4. Өзү ойлоп чыгарган чыгармалар кабыл алынбайт.

| **Пункт № / Критерийлер** | **Көрсөткүчтөр (индикаторлор)** | **Упай** |
|---|---|---|
| **1. Чыгарманын тандалышы** | • Чыгарма көркөм баалуулук катары каралат (кыргыз жана чет өлкө классикасы, заманбап адабият) – **1,5 упай**.<br>• Чыгарма конкурсанттын жаш өзгөчөлүгүнө туура келет – **1,5 упай.** | **3 упай** |
| **2. Окуу жана кеп техникасы** | 1. **Авторду жана чыгарманы атайт – 1 упай.**<br>2. **Толук текстти жакшы билет жана окуйт – 2 упай.**<br>3. **Сөздөрдү жана айтымдарды (сөз айкаштарын, фразеологизмдерди, сүйлөмдөрдү) туура айтат – 2 упай.** | **5 упай** |
| **3. Кеп логикасы** | 1. **Бүткүл текстте логикалуу тынымдар менен басымдарды сактайт – 3 упай.**<br>2. **Бүткүл текстти окуп жатканда** интонацияны, темпти жана ритмди текстке жараша өзгөртүп турат – **3 упай.** | **6 упай** |
| **4.Эмоционалдуу-образдуу көркөмдүүлүк** | 1. **Автордун сезимдерин, каармандын санааларын жалпысынан берет – 3,5 упай.**<br>2. Темага, автордун мүдөөсүнө, образдарга, **бүткүл чыгармага** жана **тексттин ар бир бөлүгүнө** (ырлар, прозадан үзүндүлөр ж.б.у.с.) карата өз мамилесин үнү, интонациясы менен **туюндурат – 3,5 упай.** | **7 упай** |
| **5. Чыгарманын тандалышын негиздеп берүү** | 1. Текстке (ЖЕ автордун өмүр баянына, жеке тажрыйбасына ж.б.у.с.) таянуу менен **жүйөлөрдү** (эң аз 2) **келтирет – 2 упай.**<br>2. **Кептин тууралыгын көрсөтөт** (кыргыз адабий тилинин орфоэпия, акцентология, сөз жасоо, морфология, синтаксис, кеп нормаларын сактоо – ар бир ката үчүн баа 0,5 упайга төмөндөтүлөт) – **3 упай.**<br>3. Бул чыгармадагы көркөм кептин **өзгөчөлүктөрүн** (сүрөттөө-туюндуруу каражаттары, деталдары ж.б.у.с.) **аныктайт**, теориялык-адабий түшүнүктөрдү **колдонот – 2 упай**.<br>4. Калыстар тобунун **суроолоруна берген жоопторунда мазмундуулукту көрсөтөт – 2 упай**. | **9 упай** |
| | **Бардыгы** | **30 упай** |